АТАКУЛ ЖАКЫПОВ

# АЙ ЧАПЧЫП АККАН ДАЙРА



Ай чапчып аккан дайра, акак дайра
бактысын күнгө серпип жылдыз чачкан,
айтсаңчы өмүр көчү агат кайда
билинбей бизди айланып өтүп жаткан.

Көйнөгүн көк асмандын кийип көрүп
көйкөлөт көз мончоктой көркөм дайра,
Тенирге айкалышып бийиктеги
нур болуп аккан окшойт көктөн кайра.

Баткен облустук
китепканасына
автордон тартуу.

08. 04. 16.



АТАКУЛ ЖАКЫПОВ

# АЙ ЧАПЧЫП АККАН ДАЙРА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ
МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНАСЫ
МИНИСТЕРСТВО
КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН
10259

Бишкек – 2013

УДК 83/8322
ББК 88 Ки-8-5

Китептин жарыкка чыгышына колдоо көрсөтүп, демөөрчүлүк кылган Лейлек райондук мамлекеттик администрация башчысы - аким Арипов Тилеберди Турдалиевичке автор терең ыраазычылык билдирет.

**Жакыпов Атакул.**
Ж 67 **Ай чапчып аккан дайра** (ырлар жана котормолор). – Б.: Билим-компьютер, 2013. – 112 б.
ISBN 9966-23-761-2

Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты, акын Атакул Жакыповдун жаңы жыйнагындагы ырларда элегиялуу назик жана муңайым маанай, жан дүйнөгө ак жаандай себелеген сентималдуу ойлор, улуу туйгу – арзуу лирикасы – табияттын татынакай сүрөттөрү аркылуу чебер айкалышып, окурманды да ойго салбай койбойт.

УДК 83/8322
ББК 88 Ки-8-5

ISBN 9966-23-761-2

© Жакыпов А., 2013.

## КУСАЛЫКТЫН КУШТАРЫ

***

Кош жээгин ойлордун туташтырып
суугa артылат солкулдак көпүрөктөр,
ал ойлорду мен мында уйкаштырып
олтурамын ыр жыйнап көкүрөккө.

Тагдыр бизди кайда алып барат экен
сурап көрчү келелек күндөрүңдөн.
Окула элек ал али барак бекен
жаңы бүткөн ырлардын түрмөгүндөй.

Түн түнөрөт келелек тагдырыңдай
туман болуп бозоруп жаткан алды,
жаздын кара нөшөрлүү жамгырындай
капкараңгы, жылчыксыз капкараңгы.

Чымчык болуп учуунун улуу бакты
буюрбаган неликтен биздерге экен?
Булуттары буулуккан өтүп жатты
бешиктеги ойлордун биз терметкен.

## АЗИЯ
## (Олжас Сулейменовго)

Күн нуру мээримине канат жайып
Карайсың кеңдигине көзүң тайып
АЗИЯ – азоо тайдай аргыштаган
Аңкыган жер асылы бир ажайып.

Сан жылдар туяктарда тебеленип
салаадан жылдар агат себеленип,
сайылат мейкининен миң кылымдын
Сактардын, Скифтердин жебелери.

Кыйырлар учсуз, чексиз үргүлөгөн
көчмөн дух чаап өтөт дүңгүрөгөн,
таскагы жаңырыктап жаткан окшойт
кылымдар түпкүрүнөн күңгүрөнгөн.

***

– Экинчи кабат. Мектеп терезеси
тышта кар уйгу-туйгу,
аалам аппак,
алыста, эң алыста жүрөктү эзип
келатат аза күүсү жанды каптап.

Тайене, калды укмуш жомокторуң
балалык байоо күндүн толтоосунда,
а сизди быйыл кышта жоготконмун
ак бубак, аппак кыштын ортосунда.

Ай-жылдар, жылас жылдар аккан жылдар
капилет күндөрүмө коога салды,
Ай түндө кароолонуп жатканыңда
бу дүйнө бир жеринен кемип калды.

Тайене, калды укмуш жомокторуң
балалык байоо күндүн толтоосунда,
а сизди быйыл кышта жоготконмун
ак бубак, аппак кыштын ортосунда.

Жомокко бир аз окшоп башталса да
бул дүйнө өзү жомок эмес тура?!.

## КҮҮ

Күү келет агып өткөн
күмүштөй шыңгыр эткен,
күн болуп күндөрүңдүн
күнөстүү төрүндө өскөн.

Жайлоонун тулаңындай
жашоонун тумарындай,
жагымдуу үнүн безейт
жаштык кез курагындай.

Буралып бетегедей,
буластап өтө берген,
бир селки күлкүсүндөй
бурак жыт кечээги эле.

Абадай кумары артык
арчадай жыпары аңкып,
күү келди күтүүсүз бир
күргүштөп көлдөй чалкып.

Кайгысыз өрт желектей
кайрылып келе электей,
күү жаап жатты жанга
кайрыгы кереметтей.

Кайрылып келбечүдөй
кайра эми көрбөчүдөй,
толкунданып жатты күүлөр
Токтогул кербезиндей.

Жамалын кайра көрбөс
жанга эми тынчтык бербес,
жаратып жатты бүгүн
жараткан жаңы «Кербез»,
жаштыктай кайтып келбес.

***

Бут алдыда жалбырактар тепселет
баштан өткөн кайгы-муңдан, армандай,
бирөөлөргө бакыт мынча кеч келет
бул дүйнөнүн өзү түштөй, жалгандай.

Жылдар жылат өмүр кемип, бөксөрүп
айлар толуп, ай кемиген сыяктуу,
касиретин көз жаштардан өткөрүп
көкүрөккө көлдөй кылып жыят бу.

Он бешине толгон күндө – жарык ай
он бешинин көшөгөсү караңгы,
Көргөн күнүң мусаапырдай, карыптай
өткөн өмүр айыктырбайт жараңды.

Бутактарда жалбырактар дирилдейт
билдиргенсип касиретин, кайгысын,
өмүр өтөт улам кемип, билинбей
кайталанып кайра ушинтип жай-кышын.

## БАКТЫСЫЗ КҮНДӨРҮҢДҮ КИМДЕР ЖЫЙНАЙТ?!.

Тебелеп баскым келбейт жалбыракты
кеч күздө түшүп жаткан, түшүп жаткан
бактымдай келчү менин алды жактан
балыктай күзгү сууда үшүп жаткан.

Бакыт да, балык дагы колдо турбайт
сымаптай мөлтүрөгөн туйлап, туйлап,
чачылган өмүрүңдөн өңдүрүңө
бактысыз күндөрүңдү кимдер жыйнайт.

## АТАЛАРДАН КАЛГАН БИЗГЕ БЕЛЕКТЕЙ

(«Алга» гезитинин 60 жылдыгына)

Жылдар өтөт, өмүр өтөт шарактап
жан жыргатар жагым нуру тарап бат,
жалбырттаган сөздөрүңдү кагаздан
жыйырманчы кылым окуйт барактап.

Өмүр күндүн өчпөс жарык таңындай
ак куулардын канатынын шаңындай,
жаштыгымдын өттү жарык күндөрү
алоолонткон ысык деми жалындай.

Таңкы гүлдүн таажысындай үлбүрөк
жалбырактай күзгү бакта дилдиреп,
жаштыгымдын ырга тойбос күндөрү
сенде калып жаткандыгын билдирет.

Лейлек жердин берип демин, илебин
элдин аруу, акак мөлтүр тилегин,
журналисттер жатат мында асемдүү
токуп сөздүн кооз көркөм килемин.

Ар сөзүңдөн өмүр жанып, нур тамып
ар сөзүңдөн арча жыттуу ыр тамып,
өнүп чыктык биз өзүңдүн койнуңдан
өндүрдөгү өскөн гүлдөй ыргалып.

Ылгап, иргеп ар бир сөздү электей
алга сүрөп намыс-арды желектей,
алтымыш жыл алып келдик өзүңдү
аталардан калган ыйык белектей.

## БИРИНЧИ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮМӨ

Көз алдыда ойноок кыял, оттуу жүз
кошо агылып өттү көктөм, өттү күз,
жүрөгүмдө калат менин түбөлүк
жоодураган жигит-селки оттуз үч.

Жаш өмүрдүн жазы келип быйыл да
жоогазындай кылкылдаган кыйырда,
садагалар, силер менин бакытым
он үч улан, жыйырма кыз,
жыйырма.

***

Мажүрүм талдын чуудасы
беш көкүл кыздын чачындай,
теректер турат шуулдашып
жүрөктө сыры ачылбай.

Көңүлдү санаа баскандай
кусалуу, муңдуу ырдашы,
термелет түнкү асманда
Ай – лөлү кыздын сыргасы.

***

Ыр жазган ак барак-талаада
үрөндөр себилбей бош жатат,
Жалаң ый, кусалык – санаада
жүрөктү сыздатат, сыздатат.

Ыр жазган ак барак апаппак
аңыздай күздөгү бош турат,
сезимдер туптунук акактай
алыстан ак боз ат кошкурат.

Ырлардын тизгинин коштогон
келчи эми,
келчи эми ак боз ат,
жылаажын үнүндөй оштонгон
барактар бош жатат, бош жатат.

Дүбүрттөйт ак боз ат ыраактан
дүрбөлөң жан дүйнө төрүндө,
куйрук – жал делбиреп, буластап
көкүлү күн нурдай өрүлгөн.

Ыр жазган ак барак – талаада
үрөндөр себилип жатыры,
ойлорду үркүтпөй санаадан
баскыла акырын, акырын.

## КОЗУ-БАГЛАН

Дайранын ыры бүтпөйт таңдан-кечте
жашылын жайга берип шалбаалары,
жаштыгын ырдай берип жандап өткөн
кайрылып келеби деп кайра дагы.

Ай чапчып аккан дайра, акак дайра
бактысын күнгө серпип жылдыз чачкан,
айтсаңчы өмүр көчү агат кайда
билинбей бизди айланып өтүп жаткан.

Көркөм Көктеңирге жарашкандай
көкүлү күндүн көркүн талашкандай,
көйкөлөт көз мончоктой азоо дайра
күүлөнүп Күнгө агып бараткандай.

Шарпылдап Козу-Багландын шоокумунда
жылдыздар өмүр көчүн өргө сүрөйт,
жылдардын жылоосу жок толкунунда
жалбырттайт жалын-оту өчпөчүдөй.

Көйнөгүн көк асмандын кийип көрүп
көйкөлөт көз мончоктой көркөм дайра,
Теңирге айкалышып бийиктеги
нур болуп аккан окшойт көктөн кайра.

***

Шыңк этип күлүп аппак кар
шакегин күмүш имерип,
шуулдайт неге дарактар
шоокумсуз, үнсүз түнөрүп.

Жаз кирип жатты түшүнө
жалбырак-барик күн өпкөн,
жылаңач карда үшүгөн
жылдыздар жаайт жүрөккө.

Дарактар кышкы бактагы
ойлордой оор тумчугат,
кыялдай алыс жактагы
кылт этип күмүш күн чыгат.

Кар басып калган бутакты
каратат элес жылт эткен,
кыярып бети шу тапта
кызарып барат күн кечтеп.

Кар баскан бутак-шактары
онтошот оор ойлордон,
дарактар кышкы бактагы
жаз күтөт алыс жолдордон.

Шакегин күмүш имерип
шың этип күлөт кар аппак,
шоокумсуз, үнсүз түнөрүп
чымчыктар түнөйт даракта.

***

Түнкү жолдо алыска бараткандай
терезеде телмирет аяз кыроо,
дүүлүктүрүп сезимди шараптардай
ыр жөнөтчү жүрөккө, маэстро.

Селкинчегин сезимдин күүлөндүрүп
сызып өтөт турналар ай астынан,
ыр жазалбай турганда дүйнөм куруп
илхам берчи бир шиңгил, маэстро!

10259

***

Өтүп кеткен жаштыгымдын күндөрү
көктөмдөгү кардай эрип жатышат,
кулунчактай шыңгыр аваз үн берип
куса толгон каректерим ачышат.

Түндө келип тереземди черткилейт
тармал чачтуу татынакай жаш чагым,
жүрөк дирт-дирт... көкүрөктү тепкилейт
кеткиси бар,
бирок алыс жактаныш.

Байчечектей каректериң чачырап
бажырайып эрчитпечи мени эми,
жолугушчу жолдор кайдан ачылат
кезиктирбейт бизди мезгил ченеми.

Жолуктурбас бизди тагдыр жолдору
аралыктар алыстатат араны,
түшкө кирип турсаң кээде болгону
карегиме жаш чөгөрүп карааның.

***

Азоо ойлор асман-айга серпилип
укуругун жылдыздарга ыргытат,
катып алып айдын алтын кертимин
шыңгыратып шоола жутат, нур жутат.

Өмүр-жылдыз барактарын ачышып
ай бетинен тээп түшөт жылгаяк,
маржан шуру мончокторун чачышып
мемиреген бейпил түндөр жылмаят.

Кыялдардан күнгө салып селкинчек
галактика ааламында айланат,
үр кыздарын жолуктуруп, эркинче
шапар тээп, өөп-жыттап аймалайт.

Күлүк кыял күндүн кармап көкүлүн
аргымагы жылоо бербейт азынап,
тагдыр жазып пешенеге өкүмүн
таттуу ойдон таттуу ырлар жазылат.

Чоочутушуп чоочун-бөтөн тоолорду
чокусунан жылдыз-мончок теришет,
азоо кыял, жаман-чалпоо ойлордун
арзуусунан жомок айтып беришет.

***

Аралдарда калды асыл курактар
алыстагы үлбүл жанган чырактай,
каректерди ачыштырып, чыдатпай
кол булгалап кол жетпеген ыраактан.

Сахалиндин ак кар баскан таңдары
санаа-ойду батперектей учурат,
сага алпарган ууз жолдо андагы
сагынчымдын аппак кары кычырайт.

О, Сахалин! Жүрөк сүйгөн дилбарым
он сегиздин оттуу жаштык ырлары,
калды өзүңдө эң бир назик сырларым
жоодураган жаз күнүндөй ыргалып.

Көзгө сүйкүм касиеттүү тумардай
күмүш кыроо шыңгыраган нурларың,
катып алды коюнунан чыгарбай
кайтып келбес жаштыгымдын жылдарын.

Сахалиндин шоодураган кечтери
санаа-ойдон мунарыктап кетпеди,
сага неге шунча жылда жетпеди
сагынычтын сары канат кептери.

***

Тамылжып нурдай беттеги
тунжурайт түнкү мунарык,
тагдырдын таттуу кечтери
тумандуу таңга куланып.

Тумандуу таңга куланып
туптунук шуру тамчылар,
узакка жолдор уланат
убайга жанды салчудай.

Убайга жанды салчудай
уюлгуйт санаа, кыялдар,
көз жашы чөптүн тамчылайт
көрпөдөй көпкөк тулаңга.

Көрпөдөй көпкөк тулаңда,
кыйкуулайт куштар ойдолоп,
асмандын бетин кыярган
ак шоола ачып, ойгонот.

Ак шоола ачып, ойгонот
ажары сүйкүм ак таңдар,
кубулжуйт торгой оболоп
акыны жаздын ак таңдай.

***

Өттү алдынан канча мезгил шуулдап
Жалбырактай сапырылып канча жыл,
Кеткен күндөр жапжаш кезин уурдап
Кербендердей кайтпайт эми качандыр.

Бубактантып аппак боек, ак түскө
Буурул чачын, буурул күндөр жай жылат,
Ой түрмөктөп, ойлор чубап күнөстө:
«Кетсем экен балдарымдын алдынан».

«Кетсем экен балдарымдын алдынан
Бир аз шашып аттанды эле абышка,
чүрпөлөргө кезиктирер, аа кудай
чымчык болуп учуп кетип калышкан».

Түрмөк булут, түрмөк ойлор түрүлөт
Тентийт шамал үйдөн үйгө шыйпаңдап,
Жаздын толук бийликти алар түрү жок
Кемпир муңдуу күн чубакта шыйпаңда.

Тагдыр, мезгил жазган ырдай бетине
Топ бырыштан бешенеси тордолгон,
... шыбырт бербей ажал аңдып, бекинип,
Жашырынып келер балким жондордо.

***

Кусалыктын оңуп көйнөгү
Күздө күйөт ысык саратан,
Карагер ат илкип өйдөлөп
Кыя жолдо кетип баратам.

Жүгөрүлөр чачпак чыгарган
жүгүнүшөт ыйбаа келиндей,
тулаң чөптөр келип тушардан
талаа жатат түпсүз керилген.

Долуланат дайра, көбүгүн
Жарга чачып боюн ургулап
Асман кирсиз тунук көгүлтүр
Аруулугу көздү тундурат.

Жай ысыгы жагып денеге
Бой созушат бийик дарактар,
дүйнө мынча бүгүн кеңейет
дүңү менен өтүп бараткан.

***

Шумкардай бийиктен куланып
Шоолалар шиберге өрүлөт,
Кареги чөптөрдүн сууланып
Көз жаштап жаткандай көрүнөт.

Аскалар бой керип мелтирейт
Асмандын күзгүсүн каранып,
Туланда шүүдүрүм мөлтүрөйт
Туптунук чачтарын таранып.

Булуттар буладай чубалып
Кырмандын четинде төгүлгөн,
Кыз ойнойт көпөлөк кубалап
Беш көкүл саамайы өрүлгөн.

Суулугун кажыган аргымак –
Суу агат жээкти жемирип,
Өркөчтүү буурадай алкынат
өмүрү көрбөгөн жеңилип.

Албырат ак жүзү уяттуу
Алманын, шагында илинген,
Кымсынат кыз бала сыяктуу
Мамагы билинер-билинбес.

Кыялдар кыяда жүгүрөт
Кызгылтым нурларга чайканып,
Көк майса, көк майса жүгүнөт
Чайпалып, чайпалып, чайпалып.

Көйнөгүн алмашкан жаңылап
Торгойлуу талаада күн күлөт,
Дайранын шоокуму жаңырат
Даранын ичинде дүңгүрөп.

***

Кайда алпарат бизди мезгил агымы
кайрылуу жок бул турмушта, жашоодо,
күндөр өтөт күмүш саамай тагынып
куюшканы өткөн чактын бошоодо.

Зыкым болуп салмоор жаштай зыркырап
Заман-күндүн кайда агылат таскагы,
Сынып жатат туш-тушунан быркырап
Көпкөк асман курч мизинде асканын.

Күндүн нуру тайып түшөт бийиктен
дүйнө, аалам чимирилет ийиктей,
багып жүргөн ойлорумду үркүтүп
салам айтып өтүп жатат кийиктер.

Доорлордун сүйрөп алган этегин
Дабан жарган тээ качанкы асман ат,
Зымырылып алмашылат кечээги
Заманына жетпей калды космонавт.

***

Олтурамын үй жанында көңүлсүз
Ойлор келет кирди чыкты, ой кетет,
Шуулдаган көз ирмемин өмүрдүн
Шуудураган маин жели ойготот.

Эскерүүнүн түпкүрүнөн түрүлүп
Элес келет ышкы отуна жандырып,
Мелмилдеген дарыядай тирүүлүк
Мала кызыл дүйнөдө агат тагдырым.

Жортуп өтөт жолбун дөбөт жолуман
Жымжырт кечте жыбылжыган булакта,
Жаз жетелеп ээрчип алган колуман
Жалбырттаган жашыл аалам буластайт.

Алоо кызыл гүл көтөргөн өмүрдүн
Азгырмалуу көгүш кечи чакырат,
Эшик алды, отурамын көңүлсүз
Эскерүүнүн оту күйүп чатырап ...

***

Өмүрлөр кечки дайрадай
өркөчтөп агат иримдеп,
кайрылып келбес кайрадан
күлпөттүү күндөр күлүңдөп.

Шыңгырап назик жылаажын
шылдырап аккан булактай,
талпынып учкан ылаачын
татына жаштык курактар.

Өрөөндү бөлүп экиге
өзөндөй аккан мелмилдеп,
кайрылгыс күндөр секиден
кол булгайт кайтып келгин деп.

Кулундай жаштык күлүндөйт
кайрылып келбес кайрадан,
өркөчтөп агат иримдеп
өмүрлөр кечки дайрада.

***

Күн батып барат кыярып
кыпкызыл дүйнө көрктөнө,
кыз күлө карайт уялып
күлкүсү күндү өрттөгөн.

Айдыңда күндүн эриген
алчадай жүзү кыярып,
апакай кыздын эрдинен
ал секин өбөт уялып.

Эрдине боёк сүрткөндөй
эзилип бышкан шабдаалы,
жыргалы ырдап бүткөнбү
жыты аңкыйт жашыл шалбаанын.

Кызарып асман кыргагы
күн нурга соңку киринип,
күңгүрөп турат ыргалып
камыштар желге жүгүнүп.

***

Дайралар – бир кертими көк асмандын
шыңгырап сынып түшкөн тоо башынан,
ай окшойт жартысынан көмөч нандын
күн нуру – Прометей от ташыган.

Аскалар шыңгырашат мырзалардай
буйругун Көктеңирдин күтүп көнгөн,
чыйрыгам гүлдөргө окшоп музда калган
ойлордон галстукчан, үтүктөлгөн.

Жолборстой жортуп тайга токоюнда
жаа атып, кылыч чаап, жебе сайып,
бабалар таштап кеткен чокоюн да
жээгине жетпес ойдун-Энесайдын.

Жылдыздар жылмайуусун бекер күтүп
жыланач аяз таңдар дирилдеген,
сулуулук эталону—Нефертити
мезгилдин кароолуна илинбеген.

Калтырган «Өлгөндөрдүн китебине»
тагдырын табышмактуу фараондор,
билбедим түтөрүмдү, түтпөрүмдү
бактыма жолукту элем ара жолдон.

***

Кызгалдактар бирге жашап биз менен
көзүн жаштайт терезеде телмирип,
асырети барбы, биздер билбеген
аянычтуу дирилдетет желбүүрүн.

Кимдерге айтат кусалыгын, дил сырын
кеч кирерде муңайышат мынча не,
көңүл ойго кереметтүү ыр сунуп
кырандарда күлүп-жайнап турчу эле.

Карап турган алыстарга сумсайып
кызыл жоолук кыздай назик гүлдөрү,
кеткиси бар кайрылбастан кылчайып
күүгүм кирсе тынчсызданат, түнөрүп...

***

Күз билинбей бурулуштан булаң деп
кетти дагы, капысынан кыш келди.
жол тоомунда, жол боюнда турам мен
жакшы күндөр береби деп бир белги.

Аппак кардай таза, тунук дүйнөмө
алып келди бир белгисиз дүрбөлөң,
асман чайыттай ачык болчу түндө эле
аялдабай кыш келерин билбегем.

Табияттын бу не метамарфоза
табышмактын жандырмагы кайда бу?..
аппак аалам минип алып ак боз ат
арууluктун чачабы айран, каймагын.

Кар да басып, санаа басып олтурам
кубандырган жылдар артта, өмүр суз,
кайда мезгил ырга, шаңга толтура
кандай гана күндөр бүгүн көңүлсүз.

Кар бүртүгү себеленет, эленет
кайгың менен, капаң менен иши не?..
кыш да өзүнчө бир ажайып керемет
касиетин сезип билген кишиге.

***

Асман-дайра, ак булуттар кербени
агып барат таңкы үрүл-бүрүлдү,
аалам койну аруу нурга термелип
ажайып бир дүйнө турду дирилдеп.

Агып барат таңкы үрүл-бүрүлдө
ак булуттар, ак булуттар, ак булут,
азоо дайра жээк чапчып күрүлдөйт
алыс сапар жолдо азгырып сулуулук.

Ажайып бир дүйнө турду дирилдеп
аппак майин тыбытындай ак куунун,
арт жагында калган күндөр күлмүңдөйт
ал күбөсү кубанчыңдын, бактыңдын.

***

Көңүлгө ала бербе аны-муну
көкүрөк ансыз деле толуп турат,
кусалык куштарындай жазда келген
тагдырым балким бир кез жолуктурар.

Деген ой бийлеп бүткүл тулку бойду
кеч күзгү жалбырактай дирилдетет,
өмүрдүн кенендиги жутуп ойду
агартат чачтарыңды бириндетип.

***

Жылдарым жылаажындуу алыс калган
жылмайып, күлө карап өтөсүңөр,
түшүмдө каттар күтөм алыстардан
тумандуу балалыктын көчөсүнөн,

Жаркытып жашоомду аппак шамдай
жаштыктын жагалданган шаттык доору
келсе не, кайрылып бир аткан таңдай
күндөрүм күмүш боолуу, коңгуроолуу.

Изги бир сезим бийлеп кан-жанымды
издерим сиңип барат мунарыкка,
бул балким менен бактым, арманымбы,
бүлбүлдөп калган өмүр тунарыкта.

Жылдарым, жылаажындуу алыс калган
Жылмайып, күлө карап өтөсүңөр,
түшүмдө каттар күтөм алыстардан
тумандуу балалыктын көчөсүнөн.

## МУЗ БУЛАК

Кандай сонун көктөм жыты, жазгы убак
кереметтей көркү ажайып кыз бурак,
көктүн жыты, гүлдүн жыты буркурап
канат байлап, эргүү келет ыр курап,
касиеттүү бир өзгөчө жер экен
келдим сага Мурзапардын Музбулак.

***

Жамгыр жаап жаткан бүгүн кышкы түн
маанайым пас, көңүл чөгөт неликтен?
шарпасынан үркүштүбү бүркүттүн
сезимдерим ээ-жаа бербей ээликкен.

«Үшкүрүктөр – туу чокусу ойлордун»
үмүт өчүп, үмүт кайра тутанып,
кабар айтып, билдирип же койбодуң
караңгыда кайдан келдиң кусалык?..

***

Жүрөгүңдүн эң соңку кагышындай
жүз үйрөбөй көңүлгө ката тургун,
шылдыраган булактын дабышындай
шыңгыраган ырларын Атакулдун.

Жакшы ырлардын жарыгы өчпөйт көпкө
жан дүйнөңдү жашартып бата кылгын,
көктөп чыгар кайрадан көкүрөктө
көктөм жыттуу ырлары Атакулдун.

***

Карындашым Кымызайдын жаркын элесине

Кабыр жайың үстү жык кызгалдактар
коңгуроодой шыңгырайт парпи гүлдөр,
капилеттен сезимди ызгаар каптап
капсаланга айланды арты түндүн.

Коңгуроосун каккылап аза коштоп
көгүш гүлдөр көркөмүн бекиткендей,
кызгалдактар кайгылуу сени жоктоп
кезигүүдөн көктөмдө кечиккенби?

Күндөрү эле ажайып майдын толгон
жаркыраган жашоонун жазы бүтүп,
кызгалдактай өмүрүң калды соолгон
кызгалдактар турушту аза күтүп...

***

Сагынычымды жалгыз узатып,
узак жолдо ыраңым азган.
айдыңында түнкү кусанын,
арман болуп төшөлөт асман.

Арман болуп төшөлөт асман,
айдыңында агат кусалык.
мынча неге ыраңым азган,
сагынычымдын жолу узарып?

Сагынычымдын жолу узарып,
кетирди го такыр аргамды.
арык толо аккан кусалык,
асман толуп калган арманбы?

### «ТАЗА КООМ» ТАЗАЛЫКТЫН СИМВОЛУ

Ата-Журтун, эл-жерин ким сүйбөсө,
көкүрөккө көп максатты үйбөсө,
келечеги кандай болот калкымдын
Мекен үчүн оттой жанып күйбөсө.

Улуу инсан Раззаков көсөмдүн
улуу ишин, демилгесин көтөргүн,
«Сен ак болсоң, мен ак болсом коом да
таза болот» – биздин милдет өтөрлүк.

Ою-дили, санаасы ак миңдеген
атуулдар келет ээрчип биз менен,
келечектен туура жолду көргөзүп –
«Таза коом» тазалыкка үндөгөн.

Биримдикте, ынтымакта бир болуп
жүрөлүчү, кайталаймын миң жолу,
«Таза коом» биздин максат, келечек –
«Таза коом» тазалыктын символу!

## ЭНЕКЕМ — ЭҢ АСЫЛЫМ ДҮЙНӨДӨГҮ

Ак жайдын алгачкы бир кечи менен
ааламдан энең бүгүн өттү деген,
алдастап бул кабардан капсаландуу
асманда айым, күнүм өчтү менин.

Башыма мынча кайгы үйбөгөмүн
бир жерде карбаластап күймөлөмүн,
эми мен табар белем Сиздей жанды
Энекем – эң асылым дүйнөдөгү!

Өмүрдө өтөт таңдар, күн узайт көп
дилинде уюп калган ууздай кеп:
«Беш уул, жалгыз кызды таштап коюп
жаш кеттиң, жаным кызым, Кымызай» деп.

Өмүрдүн ошол таңын унутпайм
өчүргөн көк асмандын ууз айын,
өксүккө толуп кетти жан дүйнөңүз:
«Кымызай, Кымызайым, Кымызайым!..»

Арылбай ар бир күнүм кайгы-муңдан
арманга толгон ырдын кайрыгындай,
асылым, алтын энем төгүп турчу
айрылдым көктөгү күн жарыгынан.

***

Көкүлү көккө серпилип
күн чапчып аккан дайра,
бийлеген көңүл эркини
билинбей келип капкайдан.

Агымы канды толкутат
ак жоолук ороп асманга,
ак кайың, суу тал солкулдап
акырын жээкте баскандай.

Күүлөнүп кечте, таңында
көйкөлүп аккан ак дайра,
күргүштөйт күчтүү шаңында
көк жоолук тагып асманга.

Акактай тунук тамчыдан
ак жоолук ороп асманга,
ак көбүк чачып жанчылат
ай чапчып аккан ак дайра.

***

Шуудурап өскөн чөптөрдүн
шыбактын жыты буркурайт,
шаркырайт суусу өстөндүн
шурусун ташка ургулап.

Ар түркүн гүлдөр санатсыз
ажайып жыты аңкыган,
ак боз ат минип канатсыз
ак булут көктө калкыган.

Беденин тармал ак маңдай
бешене-жүзүн нур чайып,
булгалап колун жаткандай
буралып өскөн гүлкайыр.

***

## АЙДАРАЛИ ЖАПАРОВГО

Көңүл сүйгөн күнгө жетип көр пенде
Көктө куштар кыйкуулашып өткөндө,
күндөй кымбат дидарыңды жашырып
кете бердиң кызгалдактуу көктөмдө.

Күмүш кыроо шыңгыр аваз нурлары
Күз кайкыган алыстыкта тунарып,
Катып алды коюнунан чыгарбай
Кайтып келбес жаштыгыңдын жылдардын.

Кошкун иним, кош курбалым, кош досум
Тагдыр эми билем бизди кошпосун,
Жарык кылып кылымдардын кыйырын
Жакшы ырларың жашообузду коштосун.

Көкүрөктү көлдөй тиреп ыргалып
Көктөм келди сен эңсеген турналуу,
Жүрөктөргө желе тартып өтүшөт
Жаз жыттанган жаздай сүйкүм ырларың.

***

О көк асман, көк асманым, көк асман
Ак булуттар сенде сүзүп бараткан,
Табийгаттын зор байлыгы түгөнгүс
Көрк-түс берип кудай өзү жараткан.

Ак булуттар, ак булуттар, ак булут
Ак куу болуп жерден учкан атылып,
жүрөгүмө бир кубаныч тартуулап,
көңүлүмө төгөсүң сен жакшылык.

Көкмөк дайра Козу-Баглан көрктөнүп
Көркөм кооз жерге сонун көрк берип,
күндүн кечки кызгылт нурун жамынып
кеткенсийсиң бир дүрт этип өрттөнүп.

## ТУУЛГАН КҮН

Туулган күн. Үчүнчү сентябрь
Тулпар минген турмушта сезим тагы,
күмүш кыроо чачтарга боек салган
коңгуроолуу күндөрүм барат агып.

Туулган күн – кымбат күн өмүрдөгү
күлкүсү көп миң түркүн көңүлдөгү,
балалыгым болуп сен бир кездеги
бурулуштан жылт этип көрүнбөгөн.

Салам, салам, жаш сага элүү алты
сагындырган саймалуу өмүр алдын,
бүгүн менде коноктоп аз убакка
бурак жыттуу жаштыгым калып калгын.

Калып калчы кайра бир бурак кагып
Мөлтүр суудай таптаза булактагы,
Жанып тургун, жаштык ай, жанып тургун
Жарык чачып чырактай ыраактагы.

***

Кылымдардын кыйырынан агылып
Келем сага алыстардан сагынып,
Көкүрөктө миң жакшылык гүл ачып
Көңүл-ойдо коңгуроолор кагылып.

Келем сага алыстардан сагынып
күйөт шамың маңдайымда жагылып,
кандай күч бул – сенде турган жаңырып
канда толкуйт ыйык сезим – аруулук.

Көкүрөктө миң жакшылык гүл ачып
Көктөм сайын тал-терегиң бүр ачып,
Кагылайын Тамчы деген атыңдан
Касиеттүү ата-баба мурасы.

Көңүл-ойдо коңгуроолор кагылып
Келет ырлар жүрөгүмө агылып,
Кызгалдактай кайнап чыккан талааңда
Кыялымда кызыл байрак сагыныч.

Таңкы таза сулуулуктун этегин
Таттуу ойлор сүрөп алып кетемин,
Таңдай кагып тамшандырган канчаны
Тамчы... Тамчы... Сопу бабам мекени.

***

Жүз жылдык жарып өтүп жалгандарды
Жарк этип жылдыз өчтү арган барбы,
Ааламдан өттү акын Вознесенский
Орустун поэзия пайгамбары.

Ырлары ар-намыстай, туудай эле
Ыргагы ыргалган бир буудай эле,
Ырас айтсак, Андрей Вознесенский
Ыр жазган пенделердин кудайы эле.

Капилет сезим дүрт деп жагылгандай
Канында күн шооласы агылгандай,
дүңк этип өттү акын Вознесенский
дүйнөгө дүрмөт берип чагылгандай.

**РЕКВИЕМ**
**ОШ, ИЮНЬ. 2010-ЖЫЛ.**

Карегинен кан шүүшүндөп оюлган
Кагылайын, кимдин күнү батты экен,
Кимдин сөөгү мобул жерге коюлган
Кандай канкор кыргызымды атты экен.

Ош пиримдин ыйык жайы – кабыры
Оңурайган мүрзөлөргө толтура,
Бирөө ыйлап, өксүп-өксүп жабыгып
Бирөө ичтен таба кылып олтурат.

Жапжаш гана боз уландар, нур кыздар
жүрөк сыздайт муң-кайгыга туйлаган,
жарк деп өчтү көктөн түшкөн жылдыздар
жарык нуру пешенеге сыйбаган.

Мынча башка ким апкелди убайым
Бул жазмышты ким тиледи кудайдан,
Санаа тарткан жүзүң мынча муңайым
Сулайман тоо, Сулайман тоо, Сулайман...

Кубанычын ырга салып дүңгүрөп
Көркү кымбат жаралган эл бактына,
Толкуп эмес, коркуп агып күңгүрөп
Туйлап акпай, ыйлап акты Ак-Буура.

***

Комузум муңдуу добуш күү чалууда
Коогасы коркунучтун күч алууда,
Орошон Орусия токойлору
От менен, жалын менен курчалууда.

Кайгыдан капыс келген көңүл сыздап
күл болуп күйүп барат айыл-кыштак,
от менен оролбосун Орусия
о, кудай, аман болсун эми биз жак.

Айлана кырк градус ысык аптап
Абаны жалын жалмап барат каптап,
Жайкалган жашыл токой орус жерин
Жараткан жалгыз өзүң калгын сактап.

Тумардай чийип берген бала кезде
түтүнү күндү чулгап, бороон эзген,
токойлор күйүп барат кызыл этек
Тамбовдо, Рязанда, Воронежде.

Тун ирет кыз-жигиттей кат алышкан
Турналар көк асманда катар учкан,
Татына көз мончоктой көркөм өлкө
Теңир ай, кандай болот Татарстан?..

## ЖАПАН АТТАР

Дүбүртүнөн дүйнө чоочуп селт этип
дүңгүрүнөн аалам тунуп калгансып,
жаткан сыңар топон суудай сел кетип
жапан аттар чаап барат армансыз.

Куйрук-жалы асабадай делбиреп
Кулактары шамдай күйүп албыра,
Көрүнүштөн бул күтүүсүз эңгиреп...
Каран калгыр көздү мынча талдырат.

Кызыл байрак болуп күнгө агылып
Кызыл тоодо кызый чаап баратат,
Канда ойноп кызыл жалын сагыныч
Кусалыкты жүрөктөгү таратат.

Жалбырттаган каректери от болуп
Жапан аттар жашыл тоону өрдөгөн,
Кырктан ашып калсам деле токтолуп
Кудай акы, мен мындайды көрбөгөм.

Дүбүртүнөн дүйнө чоочуп селт этип
дүңгүрүнөн аалам тунуп калгансып,
жаткан окшоп топон суудай сел кетип
жапан аттар чаап барат армансыз.

## КОШ ТИЛИКТЕР

***

Эгерим эсептешпей
өмүрүң өтөт көчтөй.

***

Жүрөгүң муз түнөгөн
жашооң мүңкүрөгөн.

***

Жеген өңдүү мен коонду бир тилик
Жеп түгөтөт мени тагдыр бир күнү.

***

Ойго салат коңгуроодой дабышы
Он алты жаш алыс калган, алыскы.

***

Ак туман тартып алды жак
Азапка жанды салчудай.

***

Таңында тартат аяз терезеге
Татына жомок дүйнө эскермелүү.

***

Күндүз да жарык кирбес кара зындан
Кайрылып чыгып болбос кайра мындан.

***

Жалгыздык жамалында күйүп жатат
Ай жаркын аялдардын айдай жүзү.

***

Келиндери ай нурунан үзүшүп
Мончок кылып тагып алган тизишип.

***

Козу-карын калпагындай кайкалап
Как төбөдө ай тууптур чалкалап.

***

Жаштыгымды жандап өтүп кетиптир
Жашыл жазда келген ошол поезддер.

***

Бүлбүлдөгөн учкунундай бакыттын
Бир кездеги сүйүү отун жаркыттың.

***

Кайгы-муңдун көз жашындай
Касиеттүү муңдашымдай,
Жыйырма экинчи декабрда
Жамгыр жаап жатты тынбай.

Кандай жамгыр кышта жааган
Кабар берип жүрбө жаздан,
Көктөм жолун күтүп аздан
Көңүлүм суз, өңүм азган.

Капсаландуу учур абдан
Кыш чилдеси кычыраган,
Карлыгачым канаты жок
Көктөм көздөй учура албайм.

Кабарчыдай ыйык жан бир
Кайдан келдиң жылуу жамгыр,
Көөдөн эзген кусалыктан
Көкүрөккө көз жаш тамды.

Кумар отун кайра жандыр
Кышта жааган жумшак жамгыр.

## ТӨРТ КАЙРЫК

***

Чаар ала сезимдер күнгө күйгөн
Чюрленистин ажайып дүйнөсүндөй,
Азоо ойлор булкунат жанар тоодой
Ахматова Аннанын күмбөзүндө.

***

Байыркы алыстагы жолдор менен
Буулугуп, унутулган, боппоз ак чаң,
Тунарык койну толо ойлор кенен
Таскактап чаап өтөт жалгыз атчан.

***

Буулуккан сезим-ойдун бурганагы
Булуттай көктүн бетин каптап барат,
Бурулуп келгилечи, турналарым
Бир сезим жан дүйнөмө батпай барат.

***

## Акыбаев Сейитбек уулу Русланга

Күн нурларын шимирип күлүп өскөн
Көк шиберге мөлт этип нурун төккөн,
Көз жашындай Теңирдин жылт эттиң да
Жылдыз болуп сен учуп кеттиң көккө.

***

Күлкүлөр күмүш нур чайып түшкөн жүзүңдөн
күлпөттүү күндүн күмүштөн боосу үзүлгөн,
апакай тунук ак маржан тиштер тизилген
ажайып көздин айнектей жиби үзүлгөн.

***

Айрылыш жолдор менен
Ай өтөт, жылдыз өчөт,
Арманын арылбаган
Ак куштар таштап кетет.

Бурулуш жолдор менен
Булуттай ойлор көчөт
Буюккан сезим-ойду
Булбулга таштап кетет.

***

Түш элестей бул баары эсте калган
түндө жалгыз, жапжалгыз калганымда,
өксүп-өксүп буркурап ыйлап алган
өксүк тагдыр кошулуп арманыма.

Таранчыдай жүрөгүм колго түшкөн
Тырп-тырп этет, көнө албай туйлап-ыйлап,
үмүт жиби үзүлүп жолдон күткөн
үшкүрүнүп өзүмдү жаттым кыйнап.

## АРЗУУ

***

Чачтарың – күндүн жыты,
Чачпагың – нурдун жыты.
Жан шоолам кош илабиң –
Жаздагы гүлдүн жыты.

Көргөн жан кумар беле?
Көздөрүң жубар беле?
Каралдым, сендей жанды,
Кайра эне тубар беле?..

Жашың бар он тогузда,
Жалын бар ортобузда.
Бир болуп кетебиз деп,
А бирок коркобуз да...

***

Сүйүү не, сүйүү? Жүрөктө жанган шам чырак
сүйүүдө мынча өмүрүң күйүп жанчылат,
сүйүү бул билсең азапка салган кунаса
сүйүү – бул Чолпон таңында чыккан жаркырап.

Сүйүүнүн күйүп отуна мынча кабылдым
Өртүндө калдым, алоолоп күйгөн жалындын,
Кунава кылып, күйгүзгөн жанды мынча сен
жүгармак алчы, жарымын асыл жанымдын.

Дардисар жүрөк, дардиңди кимге айтам а
Даргүман кылба, дирт эткен тунук айтамак,
Буластап өскөн кош булак болуп аркаңан
Чачиңди сылайм, кыялда күндө кайталап.

Ак маржан мончок, асылкеч перим, Акмырзам
Атир гүл мисал аңкыган жытың жактырам,
Ушунун өзү түбөлүк майрам мен үчүн,
Ушунун өзү унуткус улуу бак, Мырзам.

***

Акмырзам, сенин чачпагың
Шуудуру түндө ойготот,
Аппагым, менин, аппагым
Бир белги берип койбосоң,
Күйүттөн өлүп кетемби
сүйүүнүн болуп курманы,
эстеймин күндө эстеймин
суйсалып сулуу турганың.

Акмырзам, сулуу айзаадам
Азапка салды даңазаң,
Айланып учкан куш болуп
Ай толгон түндө барбасам,
Айжамал акак бетиңдин
Ак куудай тунук этиңдин,
Азабы жанды койбойт ко
Анан не дейин кечиргин...

***

Мен сүйүүдө мажнун болуп далай жыл
Көзүм катып, үнүм бүтүп карайдым,
Менин Лайлим, менин сүйгөн Акмырзам
Кеткен жактан көзүм албай караймын.

Сенин изиң бакыт болуп төшөлгөн
күтөм, күтөм, күтөм күндө көчөңдөн,
ай жамалың, асыл сулуу чырайың
ай караңгы түндөрдө өөп өтөм мен.

Чачтарың ай, майин назик чачтарың
Чач ичинде шарактаган чачпагың,
Көкөлөтүп канча ырдадым, а бирок
Көңүлүмдүн көшөгөсүн ачпадың.

Осмо койгон каштарыңдын карасы
күйгүздү го жандап өтүп баратып,
келчи жаным, көңүлүмдүн багына
кумар отун, сүйүү отун таратып.

Көздөрүңдүн күлүңдөгөн сурмасы,
жүрөгүмдүн илинчеги,
сыргасы,
көп телмирип көкүрөктү күйгүзүп
көңүлүмдүн төрүндө көп турбачы?..

***

Кызгылтым жоолугуңдай кылактаган
Кыз кезиң келет эске ыраактагы,
Асылым кантип жанга сыяр экен
Аймалап биз өбүшкөн убактагы
Айлуу кеч, апакай кеч булактагы.

Жылдыздуу ай нурунан агып келдиң
Жылмайууң жаз гүлүндөй тагып келдиң,
Жылаажын добуш берип бүт тулкума
жүрөктүн коңгуроосун кагып келдиң,
жалынын мен өчүргөн махабаттын
жаркытып жүз жылдарга жагып келдиң.

***

Бир болгон бир кечеде
Бир баскан бир көчөдөн,
Бурр эткен сейдана жыт
Бул үйдөн бир кетерде.

Бий бийлеп жанашасың
Бир ойду талашасың,
Акырын өөп коюп
Азилдеп тамаша-чын.

Кечеде кызыйт оюн
Кызгалдак кудум боюң,
Кылгырып көп карайсың
Көзүңдү сүзүп коюп.

Аста-аста оюн улап
Артылып моюнума,
Азгырып жаттың секет
Алма жыт коюнуңа.

Турганбыз ошо кечте
тартылып түш элеске,
бакытка жолуккан бул
биз белек?
... биз эместей...

***

Жүрөгүм жашыл жайлоо нурлар аккан
Жалдары сапырылган жапан аттар,
Жаштык ал – жаш сулуунун көздөрүндө
Жалбырттап, чабалактап туйлап жаткан.

Жүрөгүм – жашыл жайлоо тулаңдары
Төшөлгөн сүйүүлөрдүн килеминдей,
Жапырып жапжаш сүйүү уландары
Калтырып кеткен күндүн илебиндей.

***

Мажнун болуп Лайлисин күтүп турган
Мажүрүм тал аязда үшүп турган,
Бактың кеткен башыңдан кезиң беле
Бариктериң бириндеп түшүп турган.

Жазда жашыл жамынып чуудаланып
Жаш сымбатың арыкта суудай агып,
Кезиң кайда жылдызың жанып турган
Жамалыңдан жаркырап нурлар агып.

Көкүрөгүң өрттөнүп баратабы
Кырчын жылдар кылчайтып каратабы?
Кызын күткөн жаштыкта жанар кезиң
Жаныңдагы арыкта барат агып.

Жалбырагың – көз жашың кулагандай
Жалбырт-жалбырт өрттөнөт улаганда,
Кээде чочуп кетесиң дир-дир этип
Келип Лайлин чачынды сылагандай.

Мажнун болуп Лайлисин күтүп турган
Мажүрүм тал аязда үшүп турган,
Бактың кеткен башыңдан кезиң беле
Бариктериң бириндеп түшүп турган.

***

Жүрөгүм сыздайт, көңүлүм жаман жабыкты
сүйүү жок, ыр да. Көрөңгөм бопбош, бош турат,
Тагдырым жолу алдыда бурчу жабыкпы?
Жалгыздык деген жапан ат жанда кошкурат.

Атадан он үч болсок да билбейм неликтен?
Жашаймын жалкы, ишенээр адам иш эмес.
Караңгы түндө чидерди үзүп ээликкен
Кусалык деген куурагыр бир ат кишенейт.

Жоогазын болуп жарашып жаштык кезиңе,
Жарашып өткөн өмүрдүн жапжаш жазын айт!
Жылаажын үнү коңгуроо болуп эзгилеп,
Айдыңдуу түндө алыстан бир ат азынайт.

Жүрөгүм сыздайт, көңүлүм жаман жабыкты
сүйүү жок, ыр да. Көрөңгөм бопбош, бош турат,
Тагдырым жолу алдыда бурчу жабыкпы?
Жалгыздык деген жапан ат жанда кошкурат.

***

Кайкыган карлыгачым татынакай
Серпилип учуп өткөн улуу таңда,
Ошондон ушул күнгө атыңды атай
Ой басып жүрөм такыр унуталбай.

Унутулгус улуу таңдын шарпасында
Капыстан көзүм түштү кайдан сага,
Бир элес, бир көз ирмем аркасынан
Кабылдым катал сүйүү-айлампага.

Жашарып барат денем кырчын талдай
сүйүүгө бир ажайып кез келгенби?
Сүйүү не, сүйүү өзү деги кандай
Жан дүйнөм аңтар-теңтер өзгөргөндөй.

Кыялым күндү чапчып шооласынан
Ойлорум алып учат батперектей,
Жаштыкта тээ кечээги жоогазындай
Жөнөткөн сага каттай Ак-Теректен.

Балалык бал сүйүүдөй ошондогу
Эринде даамы турган али кетпей
Кайрылып учуп келбес – жашоомдогу
жүргөндө унуталбай, алиге эстей.

Үмүтүм кыял-ойду ала качып
Бир элес себеп болгон кезигүүгө,
Бул сүйүү капысынан ашып-ташып
Шарпылдап кирип келди сезимиме.

Делбирим, жол боюнда кырчын талдай
Бир көргөн күндөн сени унуталбай
сүйүү деп келем шуну өзүмдү алдай
сүйүү не, сүйүү өзү деги кандай?..

Кайкыган карлыгачым татынакай
Серпилип учуп өткөн улуу таңда,
Ошондон ушул күнгө атыңды атай
Ой басып жүрөм такыр унуталбай.
Сүйүүбү ушул өзү, оо пенделер
сүйүү не, сүйүү өзү деги кандай?..

***

Жүзүндө аппак бир үзүм булут убайым
Тордолгон көздө топ санаа турат буйугуп,
Кубанар кезде кубанчын бербей кудайым
Дел болуп калдым, дилди эзген кайгы буйуруп.

Үмүттөр өчкөн, жылт эткен учкун жарык да,
Кусадар көңүл үлпүнчөк жаап жабыккан,
Сыйдырам кантип асирет жандын арманын
Кусага батып кууураган жанга карыптай.

Тордолгон көздө топ санаа турат камалып
күлкүнүн изи качанкы калган муңайым,
күйүткө толгон кайгыны чайып жамалың
жүзүндө аппак бир үзүм булут убайым.

***

Ак куштардын үйүрү барат анда
Мармар деңиз, же балким Босфоргобу,
Салам айтам алыскы Самарканга
Санаалаштар, бирге өскөн досторду ойлоп,
Сага салам жиберем алар менен
Сагынычтан саргайган боз торгоюм.

Жаздын жашыл жоолугун желек кылып
Булгап өтөт ак куштар Босфор бойлоп,
Үмүтүмдү учурам белек кылып
Алыстагы, алыста досторду ойлоп,
Санаа чегип жүрөмүн эртели-кеч
Салам келбей сагынган боз торгойдон.

Жай көшүлүп мелмилдейт Мармар деңиз
Кыйыры жок, чеги жок мейкиндерде,
Сапырылат толкундар – арманды эзип
Кыз чачындай желбиреп эркин желге
Бир кабарың билдирчи, боз торгоюм
күздө кетип, жаз келген келгиндерден.

Алыс сапар арыткан бакыт издеп
Мармар деңиз, Босфорду бойлоп учкан,
Сапар жолу түгөнсө жазда, күздө
Айланайын ак куштар, аппак куштар,
Бир кабарын билдирчи, боз торгойдун
Жолукса эгер жолуңдан кайсы тушта.

***

Кире берип күндө түшүмө
Жадатты го жанды бул айал.
Кылгырыңкы карап кичине
Тиктейт дайым назик, бир айар.

Түштөрүмдө күндө жолуккан
Ким эле бул асыл периште.
Кырчын талдай кызыл жоолукчан
Ай жамалы жаркып келишкен.

Азгырат да турат бул айал
Кире берип күндө түшүмө,
Ашыглыктан берип бир айан
Орун алды жүрөк ичинен.

Кайдан келдиң асыл ай пери
Айалдачы азга кичине,
Жоконданын болуп айкели
жүрөгүмдүн жүрөт ичинде.

***

Көптөн бери жүргөн жазалбай
Көкүрөктү өйүп газалдай,
Сапырылып түшө баштады
Өмүрүмдүн күзү газандай.

Саргайыңкы өңү жалдырап
түшөт тынбай күздө жалбырак,
газаң болуп калды өмүрүм
күзгү бакта жаткан галдырап.

Сүйүү ырдай – таттуу газалдай
Сапырылып учуп газаңдай,
жүрөгүмдө жүргөн перизат
сага арнаган ырым жазалбай,

өттү өмүрдүн жазы, жайлары
өттү күндөр, өттү жайдары,
гүлүн ачып турган, кайда эми
жоогазындуу жаштык айлары.

Ашыглыктын арман азабын
Тартып, күндө ырлар жазамын,
Сапырылып түшүп жатышкан
Кимдер терет өмүр газаңын.

***

Кышкы түндө кардуу аяз кеч эле
Тагдыр мени тынч жаткызбай жетелеп,
Алып келди бир белгисиз көчөгө
Шоокум толгон ай жарыгы өчө элек.

Ай жарыгы аккан нурдай эленип,
Айлана бүт ак мамыкка бөлөнүп,
Мурда такыр көрбөгөн бир кыз менен
Жай сүйлөшүп кол кармашып келебиз.

Дарактардан аппак карлар себелеп
Коюн-кончко, мойнубузга эленет,
Кетип жаттык кол кармашып биригип
Тагдыр беттеп алды жакта келе элек.

Селт-селт карайм айлананды элеңдеп
Ойлом койом азыр кайра келем деп,
Алып кеткен мени азгырып түн ичи
Сен ким элең, айдын кызы белең же?..

Жүзүң айдай жарык эле нурданып
Ак кайыңдай бураң этип ыргалып,
жүрөгүмдү ээлеп алып түбөлүк
жомок болуп калдың өзүң ырдалып.

### АКРО ЫР

Саңоор тыбыт ак куу болуп алыстан
**а**зада нур аруу таңда келесиң,
леп-леп учкан карлыгачтан калышпай
кайкып өтөт көз алдымда элесиң.
**ы**шкы бийлеп алоолонтуп өртүнө
**н**азик ыйдай көңүлүмдө бук жатат,
**а**лдей айтып айдың кечте ар түнү
**ай** сүйүүмдү жүрөгүмө уктатат.

***

Таралып жанга жагым нур ыргагы
бүгүн кыз таңда туруп ыр ырдады,
үнүнө кошуп кайгы муңун дагы
Калтырап тизелери, муундары.

Бүгүн кыз таңда ажайып ыр ырдады
Теңелбес балким буга бир ыр дагы,
үнүндө жазгы жамгыр шыбыргагы
Өмүрдүн өктөм  доошу, шуулдагы.

Гүл терип жүргөн таңда кыз ырдады
гүлдөрүн жаздын ак да, кызыл дагы,
Өзүндөй кыздын аруу кызыл-сары
жүрөгүм туз куйгандай тызылдады.

Төгүлгөн маин жамгыр шыбыргагы
Жашоонун жандап өткөн шуулдагы,
өмүрдүн агып жаткан гүл ыргагы
Көңүлгө кантип түтөт мунун баары?

***

**Ерик Аскаровдон**

Мен торгоймун капастагы, тордогу
Барам учуп кабар берсең болгону,
Ачпас элем, жазбас элем сырды бу
Жарылгыр ай, жүрөк туйлап болбоду.

Барам жанып, өткө дартиң куюлуп
жүрөм азыр ашыглыкка сыйынып,
күтөт сенин алаканың жылуусун
жүрөктөгү жетим сүйүү буйугуп...

***

Үй жанында өскөн гүлдөр бир назик
Үлбүрөгөн жаш келиндей ыргалат,
жүрөктөгү таттуу сүйүү сырды ачып
жар салгансый жоолуктарын булгалап.

Жаш сүйүүдөй жагымдуу бир желбиреп
Жазгы күндүн жамалына жарашкан,
Кызыл гүлдөй кыздай сүйкүм делбиреп
Көз уялтат көркөмүнө караштан.

Садагасы сары гүлдөр, көк гүлдөр
Силер менин сүйүүмдүн символу,
Оттуу курак, орошон чак өткөндөй
Он сегизге кетким келет бир жолу.

Жаш кайыңдай жамалына өрттөгөн
Жашыл гүлдөр кыздай назик кылактайт,
Менин сүйүүм жазда кайра көктөгөн
Жарып чыгып жүрөгүмдүн булактай.

Сулуулардай кол кармашып бир жүргөн
сүйүүлөрдүн гүлдөр силер символу,
жоодураган садагалар бир түнгө
жолугушуп туралычы бир болуп.

***

Арзуудай ыйык, кымбат айтылбаган
Ак таңдар шоодурашат жибек кийип,
Аппак кар, бубак чалган айдың талаа
Ааламга ак мончогун чачып ийип...

Келе элек улуу дүйнө уюп калган
Керемет кыштын акак кечтеринде,
Кайрылып келбес күндөй шоокум салган
Калабыз биз да бир күн эскерилбей.

Асылдык нур чөгөрүп келбетине
Айлана ак маржандан шуру тагат,
Ажайып кыштын укмуш берметиндей
Айжамал кыздар мынча сулууланат.

Аңызын кыштын кантип айталам-ов
Ажары делбе кылган канчаларды,
Келбеген бул өмүргө кайталанып
күйгүзгөн жарыгына канча жанды.

Арзуудай ыйык, кымбат айтылбаган
Ак таңдар шоодурашат жибек кийип,
Аппак кар, бубак чалган айдың талаа
Ааламга ак мончогун чачып ийип...

Аппак кар бубак чалган айдың талаа
Ак таңдар шоодураган жибек кийип,
Арзуудай ак дилдеги айтылбаган
Ааламга ак мончогун чачып ийип.

Ааламга ак мончогун чачып ийип
Аппак кар бубак чалган айдың талаа,
Ак таңдар шоодурашат жибек кийип
Арзуудай ак дилдеги айтылбаган.

Айдында гүл буралган кызыл-тазыл
Азгырма жомоктогу сырдуу аалам,
Алыста кол булгалайт өмүр жазы
Ак жоолук селкисиндей күтүп калган.

Ак жоолук селкисиндей күтүп калган
Алыста кол булгалайт сүйүү жазы,
Азгырма жомоктогу сырдуу аалам
Айдында гүл жайнаган кызыл-тазыл.

***

Көңүлүм бир бөксөрөт, бирде толуп
өмүрүм кышка калган гүлдөй болуп,
Саргаят кыялымда сансыз ойлор
Салынып чыккан кыздай сары жоолук.

Бет алып батар күндү учкан куштай
Бактысын издеп чыккан ушу туштан,
Пендедей азап чеккен өңүм азгын
Саргарып сагынычтан санаа жуткан.

Сагыныч, сары санаа жанды тооруп
сүйүүдөн ысытмалып калдым ооруп,
саргайтты кыялымды сансыз ойлор
салынып чыккан кыздай сары жоолук.

***

Бал татып тамшандырган шаттык ырбы
Бул дүйнө кардай аппак, кардай тунук,
Бир келген тирүүлүктө бактыбызды
бүлүнтпөй алып кетем кандай кылып?

Аңызын анын кантип айталам-ов
Ажары делбе кылган нечендерди,
Келбеген бул өмүрдө кайталанып
Керемет бир гүл элең көчөмдөгү.

***

Жүзүм деген атың калды жүрөктө
Жазылбаган катың калды, сүрөттөп:
«Жазгы баар көктөм күнгө кубанып
Жылаң аяк чуркаганың күнөстө.

Түштөрүңө, ойлоруңа жаз кирип
түйшүгү көп кышкы күндө аз күлүп,
тумандаган ойлоруңдун төрүндө
таттуу сүйүү баратканын эскирип...»

Жайкы аптаптын жаш сүйүүсү – жүзүмдөй
жакшы үмүттөй эң акыры үзүлгөн,
жадыраган жаштыгымдын жайдары
жаркыраган күнүн көрөм жүзүңдөн.

Жүзүм деген атың мынча татына
үзүлбөгөн махабаттын атынан,
Көзү түшсө окуп коер бекен деп
Ушул ырды эстеликке калтырам.

Кайда болсоң эсен болуп, эстей жүр
Кол жоолуктай көңүлүмдөн кетпей жүр,
Кайра кайтып баралбайбыз ал кезге
Кайтып келбейт өткөн өмүр, өткөн күн.

***

Минип келем сага ак боз аргымак
Көйнөк алып кызыл-тазыл нурлардан,
Көркөмдүгү көздүн жоосун талдыра
Кызгалдактар кол булгашат кырлардан.

Күлүгүмдүн жалын сылайт колдоруң
Салааларың арасынан нур агып,
Айдың талаа, аппак-аппак жолдомун
Чачтарыңа өскөн гүлдөр буралып.

Талаа-түздөр миң сан гүлгө ыргалат
Жыпары аңкып, жытын көккө сапырып,
Жамалыңда жаз күлүңдөп, нур жанат
Жылдыздарга таштайт жүзүң чакырык.

Гүлдөр. Талаа. Ак жал сулуу аргымак.
Көйнөк кийип кызыл-жашыл нурлардан,
Келе жаткан көркүң көздү талдырат
Кызгалдактай күлө багып ыргалган.

***

Сагынган куктердун унун улап
Сагыныч мөлт-мөлт этип түшөт кулап,
сүйүүнүн сан азаптуу сары жолу
Сени эми качан мага жолуктурат.

Сүйүүдө сен деп жүрүп сүтак болдум
Сезимден чырмооктой чыкпай койдуң,
сүлкүлдөп он алты жаш курагындай
суйкаят сулуу жүзүң, жээгинде ойдун.

***

Саади, Хафиз, Омор Хаям, Барпылар
сүйүү ырын бийиктеткен баркыңар,
«Сен жөнүндө поэма» деп, Султанов –
Сур асманды жарык кылган каркыра.

Алыкулдан сабак алып бир нуска
«Ак мөөрдү» аңыз кылып кыргызга,
Сүйүнбайдай улкөн анын өзү да
Саякаттап кетмей болду «Жылдызга».

Терип ырдын асыл багын, берметин
Табериктей жүрөгүндө терметип,
Жасап алды өзүнчө бир Керме-Тоо –
«Махабаттан» Эгемберди Эрматов.

Көр тирликте ыза көрүп өксөгөн
Кербен тартып кетип барам күч менен,
Кылымдардын кыл чокусун көрктөгөн
Ырдан жылдыз тагамын деп өчпөгөн.

***

Жолуктук кайра отуз жыл өтүп арадан
жүрөгүм ооруп, айыкпай келген жарадан,
жамалың көрүп кулундай сопсоо туйлады
жүзүңдөн сенин жүзүмдөй ширин наар алам.

Дидарың жаркып, карегиң оттуу кайнаган
Делбирейт жаштык сүйүүнүн оту кайрадан,
Айтчы, мен эми өртүнү кантип өчүрөм
Ашыглык деген жалындын жүрөк жалмаган.

Армандуу жаным кусалык дарттан умсунган
Ал күндөр эми аркада калды, унутулган,
Алгачкы ууз ак сүйүү даамын татамын
Алмадай ширин, күлкүсү кымбат ууртуңдан.

Акырын сылап бетиңден сүйүп айдарым
Алчадай тунук мөлт эте түшөт ажарың,
сүйүүнүн таттым азабын дагы, азарын
сүйүүдөн болор-болсо эгер менин ажалым.

***

Күкүктүн угуп мукамдуу үнүн алыстан
Көксөөмдө сага тартындым жакын барышка,
Катарлаш жатат тагдырдын жолу биздеги
Кошулбай учу, кал сызык болуп жарышкан.

Айдыңдуу кечте түшүмдө жолум оңолот
Ак тумсак дене, чачыңа колум оролот,
Селкинчек тээп сезимде эмес, өмүрдө
Сөйкөң бир болуп калсам-ов айтчы, не болот?

Мончок же шакек, болсом эх эгер, билерик
Миң ирет карап көрмөксөн күндө имерип,
Бири да анын болбодум, аттиң, кантейин
Бактымды бир кез качырып колдон жиберип.

***

Чачтарың түшкө кирет, чачтарың ай
Бийиктен аккан тунук шаркыратма,
Койнуңа бир оролуп жатпадым а
түнүмдү күндөй кылып жаркыраткан.

Ошондо көчө бойлоп өткүнүдө
Мас болдум шарап ичпей чырайына,
Айлантып кышты жаздын көктөмүнө
Көңүлдү көккө учурат, кудайым ай!

Келбетин күндөп, айдан алган беле
Көздөрү жубар мончок, карагатпы,
Жашоодо жаратканы жалган беле
Жанымда Таттыбүбү бара жатты.

Бир ирмем көз карашы – кандай бакыт
жүз жылга азык болор махабатка,
же кудай жасадыбы өзү адашып
улуу күн жаратмандык жанга батпай.

Ким элең бир жолуккан перизатым
Турмуштун нугун тетир буруп кеткен,
Көлкүлдөп бүтүн денем эрип жатты
сүйүүгө келди ушу күн улуу көктөм.

***

Сезимдердин жоолугу булактаган
гүлдөй тунук аруулук агат канда,
бакытпы бул алыстап ыраактаган
сүйүү өтүп жатабы бизди жандап.

Кандай сезим, не туюм деги өзү бу
Делөөрүткөн капыстан сезим отун,
Өткөн күндөр калтырган элесиби
Келечектен бир белги же болбосун.

Канетсе да сезимдер күйүп жанып
Бир делбиреп алды го ушу таңда,
Капилеттен бирөөнү сүйүп калып
Кандай бакыт жүргөнүң унуталбай.

## АКЫН – БУЛБУЛ

Күйүткө түшүп куурадым мынча
Көзүмдүн жашын тыйбадым кылча.

Мусапыр болуп муңкандым ыйлап
Муңайтып жанды балыктай туйлап.

Сен үчүн жанып, сен үчүн күйгөн
Бар бекен жандар мага окшоп сүйгөн.

Мажнунуң болуп сабылып турдум
Мунарык таңда сагынып турдум.

Сен бийик элең, сен гөзөл элең
Мен булак болсом, сен өзөн элең.

Сен аруу гүлдөй таңдагы тунук
Мен булбул элем багында туруп,

Кубулжуп түркүн сайраган түндө
Кумарың канбай укчусуң күндө.

Булбулуң тили каттыбы деймин
Кайгысы жанга баттыбы деймин.

Сен билбей анын сезимин туюп
Ырларын гана укчусуң муюп.

Мажүрүм талың бүрдөбөй калган
Маин тал чачы гүлдөбөйт... арман.

Булбул куш какшайт мунарык таңда
Мусапыр жандай бактысы тайган.

Азапка салган... сүйүүгө жалган
Ал байкуш кушуң кабылды кайдан.

Асирет жандай арманда калган
Ашыглык күүсүн ак таңда чалган.

Кайгысы батпай жүрөккө ташып
күйүтүн күүгө салган дейт жашып.

Асылзат сулуу жамалы гүлдөй
Азгырат аны айдыңдуу түндө.

Айлуу түн койнун санаага бөлөп
Акының өлсө, сен үчүн өлөт.

О гөзөл, сулуу, чырайы аппак
Сен үчүн жанын жүрөт дейт сактап.

Тыңдасаң боло турналар ырын
Айталбай өткөн асманда сырын.

Билсең бир боло ашыглык ыйын
Билбеген жанга не дейин, ... кыйын.

Махабат эмне, ар жылы көктөн
Жамгырбы сулуу жамалың өпкөн.

Махабат деген ал кайгы, азап
Махабат ырын Мажнундар жазат.

Сүйүүнүн гүлүн жүрөккө жаккан
Сен мага түндө жапжарык ак шам.

Ак жүзүң Айбы, Күнбү же нурдай
Айласыз жүрөм сүйүүдөн куурап.

Кол жеткис бийик Ай белең жарык
күйүткө түштүм заманын тарып.

Ай болсоң анык кол жеткис бийик
Ак шоола чачып күн болуп тийип,

Күн болсоң эгер, түнүңдү бөлүп
Турмакмын дайым түшүмдө көрүп.

Жоогазын сыңар дидарың жаркып
Жоодурайт мынча карегиң тартып.

Кызгалдак болуп жыпары аңкып
Көздөрүң мынча балбылдайт, тартып.

Атилес көйнөк, ак шайы жоолук
Ажарың мынча адамды тооруйт.

Байчечек болуп бажырап турган
Балбылдайт карек... көзүңдөн курман.

Айжамал пери, асыл жан секет
Ар күнү мени азгырып өтөт.

Жамалың мончок, шурубу таккан
Жылаажын үнүн жүрөктүн каккан.

Көйнөгүң пушту шабдаалы гүлдөй
Көркөмүң менин көзүмдө бүрдөйт.

Татына гүлүм жыпарын чачкан
Таң нуру болуп багымды ачкан.

Арзуудан шуру, мончоктор тагып
Ашыглык деген улуу от жагып,

күүгүмдү күтөм күйүткө малып
караанын издейм карегим талып.

Аппак таң күлүп нур чачкан чакта
Ак гүлдөр жыты айкыган бакта,

күн батып жаткан кызгылтым кечте
көңүлүм ооруйт көркүңдү эстеп.

Сезимге батпай сызылып барып
Суу болуп турам алдыңда агып.

Жубардай жүзүң чайып ал секет
Жаштыгың бир күн өтөт да, кетет.

Алчадай мөлт деп, дидарың тартып
Ансайын барат кумарым артып.

Жүрөмүн жалгыз өзүң деп ооруп
жүрөктө жүрчү, жылдызым болуп.

Бактыма менин Чолпондой жанып
Балбылдап күйүп чачсаңчы жарык.

Жылтылдап аккан дайрага келип
Жылдыздуу түндө чачыңды өрүп,

Эңсеген жанга өлбөстүк берип
Эриниң турса эрдимде эрип.

Өзүңдү, гүлүм, келмекмин көрүп
Өлсөм да кайра тирилип келип.

Каректе калган караанын үзбөй
Кайтышат асыл ак куштар күздө.

Азгырып санаа куштарды карап
Арзуум сага куш болуп барат.

Шарпылдап аккан жылаажын үндүү
Шоокумга бөлөп жылдыздуу түндү.

Ак маржан мончок төгүлүп көктөн
Ай нуру болуп, алкымың өпкөн,

Махабат жашайт жүрөктө өктөм
Махабат барда көңүлдү – көктөм.

***

Он төрттө жашым. Пахтада элек Паранда
Орошон сүйүү ошондо жанга таралган,
күйүткө түштүм капыстан эле бир күндө
карааның көрүп күзгүгө чачын таранган.

Бирге окуп жүрүп байкабай сени жети жыл
(келбесе кантем жүрөктө сүйүү жетилип),
Телмире карайм сен баскан жакка делбедей
Көрсөтпөй жанга көйгөйдү жаткан бекинип.

Пахтазар чети күн батат чарчап эзилген
Кызгылтым жүзүн кырманга төккөн кезинде,
Билинбей аста, жай басып барам аркаңан
Бир үмүт шоола көрсөм деп көксөп көзүңдөн.

Суйкая карап кайдыгер жандай өтөсүң
Сулуулук чайып алгачкы сүйүү көчөсүн,
Арыктай агып жаштардын шыңгыр күлкүсү
Ак чөлмөк ойнойт ай толгон түндө кечеси.

Көзүмдү өрттөп кылгырып кыя карашың
күн өткөн сайын кулпунуп эле барасың,
сенделип жүрүп азып да кеттим аз күндө
селкилер неге сезишпейт жүрөк жарасын.

Сүйүүгө шондо кабылгам он төрт жашымда
Айталбай ичте арманды чүнчүп басынган,
Бул сүйүү — бир күн, ааламды бүтүн батырган
Жарк этип чыгар жанар тоо болуп атылган.

***

Уйкусун бузуп беймаал кечтин жүгармак
Убайга салып умсунуп ырдап турабы ай,
Умтулган качан күндөрдөн белги – ыр арнап
Уясын көздөй кайрылып учкан турнадай.

Алыста калган армандуу сүйүүм – ак кушум
Азапка салба, ак канат булгап жоолуктан,
Ашыглык – ашуу, таппаган эч ким бактысын
Аялуу жанды ансыз да жүрчү, оорутпай.

Дайрадай толкуп сүйүүлөр аккан жаш чакка
Даабайт көңүл, кайрылып даа бир карашка,
Алыстап кеткен аргымак жолун аксатпа,
Аялуу жүрөк жарасын жанчып канатпа.

Уйкусун бузуп беймаал кечтин жүгармак
Убайга салып бир чымчык безеп турганы ай,
Унутулган качан күндөрдөн белги – ыр арнап
Уясын көздөй кайрылып учкан турнадай.

***

Ийменип жылдыз көктөн
Илабиң ысык өпкөн,
Кайырсыз ошол кечтин
Кайгысын таштап кеткен.

Эңилип сүйүп беттен
Эзилип ысык өпкөн
Коңур түн коюунуна
Кошулуп эрип кеткен.

Аймалап акак беттен
Анардай жүзүң өпкөн,
Алгачкы сүйүү гүлүн
Айылыңа таштап кеткен.

Турналар өтчү көктөн
Тамылжып нуру беттен,
Туптунук дүйнөсүндөй
Тун сүйүү таштап кеткен.

Боз улан биринчи өпкөн
Бозортуп таштап кеткен,
Жаз келсе киреби эске
Жашайбы нур элесте.

***

Айыкпас сезим отундай
Алыстан күүлөр эшилет,
Ак жүзүң издеп чокудан
Ак түндө көзүм тешилет.

Кызгалдак боюң кулпулап
Кызгалдак дүйнө, кыз дүйнө,
Кыялдар кайда умтулат
Кызгылтым кечки күүгүмдө.

Аймалап нурлар алкымың
Ай күлө карап эңилет,
Аңдабас адам акылы
Ажайып дүйнө теңи жок.

Ак шоокум нурга албырат
Айдында жолдор төшөлөт,
Шоодурап барик, жалбырак
Шуудурайт кечте көшөгөң?..

***

Кырктын кырын ашып калган кезимде
күтүүсүздөн от тутанат сезимде,
капысынан кабылдым бул сүйүүгө
кызыл чокко салып коюп өзүмдү.

Эми менде калбады деп арман да
Элүү жашка эңкейиштеп калганда,
Эбегейсиз зор сүйүүгө туш болдум
Эки келбес бул дүнүйө жалганда.

Көкүрөктө сактап жүргөн тумардай
Көңүлдү өйгөн жанды салып убайга,
Ашыглык-дарт, өмүр бою сакайбас
Айбыкпаган пайгамбардан, кудайдан.

Кайра термейт сүйүү мени кайыкта
Кайран жүрөк жакында эле айыккан,
Сезим отун айткылачы не кылам
сүйүү келсе, сүйбөй коюу айып да...

***

Шибер кечип, гүл терип бийлейт көңүл
шимирет күн шооласын тармал беде,
шарактатып чолпусун, чачын өрүп
шайыр элес жүрөктө калган эле,
шыкаалап ай булуттан турса көрүп
шынарлашып турган кез жалган беле?!

***

Булуттардай алыскы дүйнө кезген
Буулуккан бир ой келет жүрөктү эзген,
Аруу бойдон, ак бойдон кетпей койду
Ай жамалың сезимди өрттөп кеткен.

Арасаттуу ойлорду үйүп алып
Айжамалың дилиме бүлүк салып,
Кантип гана жер басып жүрдүм экен
Капилеттен өзүңдү сүйүп калып.

***

Куштары кусалыктын көкүрөккө
Көз жашып кечте дир-дир төгүп өткөн,
жүрөктөн жүрөккө өткөн көпүрөктөр
капилет кирген суута чөгүп кеткен.

Жамгыры сагынычтын тамып турат
Жабыккан жан дүйнөнүн шиберинде,
Жамалың жоогазындай сагындырат
Жагымдуу жыты келип келип илебиңдин.

Кыялды үмүт термеп бешигинде
күттүргөн күндөр илкийт кашаң аттай,
тагдырың – жашоодогу кешигиңби
турмуштун мааниси не жашап жаткан.

**БИР КАРАШЫҢ ӨЛТҮРӨТ ДА, ТИРИЛТЕТ!**

Жылуу-жумшак сентябрдын кечинде
Жайдын ысык деми али кайтелек,
бүдөмүк бир ойлор келип чечилбес
бир сыр бардай жүрөгүңдө айтелек.

Карабачы, кылгырбачы мөлтүрөп
Кош өрүм чач түшкөн суубу бийиктен?
Бир карашың жаа огундай өлтүрөт,
Бир карашың кайра дагы тирилткен.

Жалт караган дидарыңдан айбыга
жүрөм өксүп, сезимдерден тушаган,
жашап келем ошол күндөн кайгыда
жанга баткан сагынычтан, кусадан.

***

Мен мусапыр, бул дүйнөдө бир гарып
Мажнун сыңар махабатка эзилген,
Көкүрөктү көз жаштарга сугарып
Кусалыктын күүсүн чалам сезимде.

Мажнун болуп сени издеген жай-кышын
Мен бир гарып, мууну жок мусапыр,
Ашыглыктын арман ырын, кайгысын
Муңга бөлөп тапкан олжом – бир сап ыр!

***

Көптөн бери эргүү келбей калды да
Жан дүйнөмө жарык чачпайт чагылган,
Жолдор жабык барчу сенин алдыңа
күндөр кана күмүш мончок тагынган.

Эргүү, эргүү дайра болуп толкундап
Эрчите кел унут калган сүйүүнү,
Көпүрөдө калган биздин солкулдак
Кырчын талдай махабаттын миң күнү.

Кырчын талдар, кырчын өмүр, көпүрө
Кырчылдаган кайран жаштык курак ай,
Ак жүзүңдү кимдер эми өпкүлөйт
Айлуу түндө жолугушчу булакта...

## КОШ ИЛАБИҢ КЫЗЫЛ ГҮЛБҮ?!.

***

Кызгалдактар кымыз жытын аңкытты
Кош илабиң кызыл гүлбү, баркытпы?..

***

Бүлк-бүлк этип дүйнөмө бүлүк салган
бүлдүркөндөй ууртуң бышып калган.

***

Аруу жүзүң өөп турчу аймалап
Ай шооласы, биз жолукчу алма бак.

***

Баягы эле жылдыз да бар, ай да бар
Бакыраң көз баёо сүйүүм кайда ал?!.

### ЖЫЛДЫЗ СҮЙҮҮ

Саманчы жолун артып
Желкеме келем жалгыз,
Үркөр кыз колдон тартып
Жалбарат: «Кандай жансыз?..»

Жаачы күүлөнүүдө
Жебесин сайып алган,
Бийкеч сен жүрөгүмө
Билинбей келдиң кайдан?

Жылаажын коңур түндө
Жымыңдайт Алтын-Казык,
Жылмайууң жан дүйнөмө
жүз жылдык берет азык.

Суу пери сурайылдай
Көнөктөп куят жашын
Калтырган убайымга
Кайрымсыз махабатым.

***

Сен экөөбүз көрүшпөдүк көп болду
Суз карайсың бардыгына кол шилтеп,
Эскерүүнүн кереги жок өткөндү
Көз караштар түшүндүрөт бир тиктеп.

Сөз уланбайт, музыканын кайрыгы
Толуп кетти дене-бойго шараптай,
О, «Полонез», мынча муңдуу, кайгылуу
Айрып-айрып алдың эски жаратты.

Делбиреген аруу сезим, ак сезим
Делөөрүткөн кайран жаштык кезекте,
Сени менен гана ооруп аң-сезим
сүйүү толо күндөр мынча тез өткөн.

Жолуктурбас, кезиктирбес эч жерден
Жаштык күндөр узап кеткен кол булгайт,
Арзуу толо кат ташыган кечтердин
Аппак таңы эми бизди толкутпайт.

## ЖҮРӨГҮМДҮ ЖАРЫП ӨТКӨН ТИЛИКТЕР

***

Эсимде, селки, эсимде
Өрүктөй бышкан кезинде,
Өбүшүп турдук экөөбүз
Элеттин айлуу кечинде.

***

Мөлтүрөгөн жаш сулуу
Мөлмөл көзүңката тур
Кандай гана бактылуу
Сени сүйгөн Атакул.

***

Кайгы-куса көңүлүмө толду да
Кат алалбай, жооп келбей баш катып,
Бөтөндөрдү коюп сенин ордуңа
Бир күн дагы сүйө албадым башкасын.

***

Каректе калтылдайт кылымдар
жүрөктө кайгы бар, муңум бар,
сезимде чайпалбас, айталбас
сүйүүдөн көз жарган ырым бар.

***

Суусар тумак, кайыш күрмө
Кайберендей кайып жүргөн,
Кыш күрөөдө от жакпаган
Кайдан келдиң жүрөгүмө.

## КОТОРМОЛОР

***

**Сергей Есенинден**

Чарчадым мен өз жеримде жашоодон,
Кусалыктан,
таштайм да кепеми
бир белгисиз жактарга алыс баш оогон
селсаяк же ууру болуп кетемин.

Кетем алыс күндү беттеп, ой чубап
түнөк издеп жатар жайга, кечеге
бычак кайрап өтүгүнүн кончуна
сүйгөн жарым мага неге кекенет.

Шалбаа жазда күн нуруна кактанат
Сары жолдор курчап аны жай жылат,
Ысмын ыйык көкүрөккө сактаган
Кууп ийет мени астана алдынан.

Кайра келем ата үйүнө түңүлбөй
Бирөөлөрдүн бактысына баш уруп,
Жашыл кечте терезенин түбүндө
Өз жеңиме калам өзүм асылып.

Дүйнө мынча уч-кыйырсыз кененби
Сыйыртмактан башымды аста эңишет,
Жуулбаган бойдок ошол денемди
Иттер үргөн кечте көмүп келишет.

Калактары тарап көлдүн көкүлүн
Ай асмандын сүзүп жүргөн багы эле,
Орус болсо баягыдай өкүмүн
Бийлеп, ыйлап жашай берет дагы эле.

## АЙЫЛГА ТАҢ АТА ЭЛЕК КЕЗИНДЕ

Николай Заболоцкийден

Айылга таң ата элек кезинде,
Көлөкөлөр жаткан али бакта көп.
Күмүш нурун ой балкытып сезимге
Өсүмдүктөр тоңгон аалам үргүлөйт.

Эрте түшүп шыңгыраган кандай кыш!
күн көгүлтүр тунук болчу кечээ эле.
түндө шамал акылынан адашып
кар жаады, бубак конуп көчөгө.

Ойго батып карап турам нур чалган
Терезеден коңшу үйлөрдүн чатырын,
Туптунук бир жалын менен курчалган
Чыгып келет күн жай жакка акырын.

Ак чач кайың катарлары ажайып
Чачтарынан кар тозоңун учурат,
Бак кристалл суук көркко жасанып
Капысынан келген бороон тумчугат.

Кулак түрөт карган итим кыраакы,
Кар жалтырайт перламутр сыяктуу.
Байланышы ушул таңдын бубактуу
Жан дүйнөмө кантип деги сыят бу.

Кышкы күндө кенен-жайык ак таңда
Тоңуп жаткан өсүмдүктөр дүйнөсү,
күңүрттөнүп үргүлөшөт бактарда
шыктануунун зор толкунун дүрбөтүп.

## КЫШКА КИРҮҮ

**Николай Заболоцкийден**

Кыштын муздак башаты го болжолу
Кагып өттү эшигимди үч жолу,
Талаадамын. Темирдей курч бороону
Кышкы абанын жүрөгүмдү ороду.
Кең дем алып. Ийин күйшөп эгизден
Жеңил гана чуркап түштүң тегизге,
Селт эттирип көз карашы адамды
Дарыянын, жүрөгүмө кадалды.

Табиятты суук менен тумчулап
Кыш келатат, суугa өкүм унчугат.
Өлүм саатын сезип дайра калтырайт
Көз ачалбай, тик багалбай жалдырап.
Жансыз дене акыркы ирет түзөлүп
Туткундалды, эми жанын үзөбү,
Коргошундай толкундары тунжурап
Жатат аста башын жерге ургулап.

Бир күндө эмес, дайра кантип өлгөнүн
Көз ирмемде, көзүм менен көргөмүн,
Онтогону чыдай албай бу дартка
Сезимиме сиңип жатты ыраактан.
Алдан тайып, кайгы басып турганда
Жанында эч ким жокто, көзүн жумганда,
Дайра аркылуу жараткансыйт табият
Өз турпатын, аң-сезимин жаңылап.

Ойлорунун өтүп жаткан кербенин
Зериктирме көздөн окуп көргөмүн.
Толкундардын өлүм алдында турганын
Капыс туйдум. Билсең эгер курбалым,

Өз өмүрүм адам көрсө кайра бир
Көз карашын түшүнөсүң дайранын.
Ортосуна чейин кеткен карарып
Дайра муңдуу жатат эми таранып.

Таш үстүндө карап турам кызыгып
Кырман андан күндүн соңку кызылын,
Калдайган чоң куштар карагайдагы
Тиктейт мага. Ойлор келип кайдагы
Кетип калдым келатканда түн кезип
Шамал согот жүрүп түндүн түндүгүн
А дарыя араң боюн ургулап
Таш табытта жатып калды тунжурап.

## МАЗМУНУ

Кусалыктын куштары........................................3
«Кош жээгин ойлордун туташтырып...»........................3
«Азия»......................................................4
«Экинчи кабат»..............................................5
Күү.........................................................6
«Бут алдыда жалбырактар тепселет...»........................7
Бактысыз күндөрдү кимдер жыйнайт............................8
Аталардан калган бизге белектей.............................9
Биринчи бүтүрүүчүлөрүмө....................................10
«Мажүрүм талдын чуудасы»...................................11
«Ыр жазган ак барак-талаада»...............................12
Козу-Баглан................................................13
«Шыңк этип күлүп аппак кар...».............................14
«Түнкү жолдо алыска бараткандай...»........................15
«Өтүп кеткен жаштыгымдын күндөрү...».......................16
«Азоо ойлор асман-айга серпилип...»........................17
«Аралдарда калды асыл куруактар...»........................18
«Тамылжып нурдай беттеги...»...............................19
«Өттү алдынан канча мезгил шуулдап...».....................20
«Кусалыктын оңуп көйнөгү...»...............................21
«Шумкардай бийиктен куланып...»............................22
«Кайда алпарат бизди мезгил агымы...»......................23
«Олтурамын үй жанында көңүлсүз...».........................24
«Өмүрлөр кечки дайрадай...»................................25
«Күн батып барат кыярып...»................................26
«Дайралар-бир кертими көк асмандын...».....................27
«Кызгалдактар бирге жашап биз менен».......................28
«Күз билинбей бурулуштан булаң деп...».....................29
«Асман-дайра, ак булуттар кербени...»......................30
«Көңүлгө ала бербе аны-муну...»............................31
«Жылдарым жылаажындуу алыс калган...».......................32
Муз булак..................................................33
«Жамгыр жаап жаткан бүгүн кышкы түн...»....................34
«Жүрөгүңдүн эң соңку кагышындай...»........................35
«Кабыр жайың үстү жык кызгалдактар...».....................36
«Сагынычымды жалгыз узатып...».............................37
«Таза коом» тазалыктын символу.............................38
«Энекем – эн асылым дүйнөдөгү».............................39
«Көкүлү көккө серпилип...».................................40

«Шуудурап өскөн чөптөрдүн...»....................41
«Көңүл сүйгөн күнгө жетип көр пенде...»....................42
«О көк асман, көк асманым, көк асман...»....................43
Туулган күн....................44
«Кылымдардын кыйырынан агылып...»....................45
«Жүз жылдык жарып өтүп жалгандарды...»....................46
Реквием....................47
«Комузум муңдуу добуш күү чалууда....»....................48
Жапан аттар....................49
Кош тилектер....................50
«Кайгы-муңдун көз жашындай...»....................51
Төрт кайрык....................52
«Айрылыш жолдор менен...»....................53
«Түш элестей бул баары эсте калган...»....................54
Арзуу,....................55
«Сүйүү не, сүйүү?...»....................56
«Акмырзам, сенин чачпагың...»....................57
«Мен сүйүүдө мажнун болуп далай жыл...»....................58
«Кызгылтым жоолугуңдай кылактаган...»....................59
«Бир болгон бир кечеде...»....................60
«Жүрөгүм жашыл жайлоо нурлар аккан...»....................61
«Мажнун болуп Лайлисин күтүп турган...»....................62
«Жүрөгүм сыздайт ...»....................63
«Жүзүндө аппак бир үзүм булут убайым...»....................66
«Ак куштардын үйүрү барат анда...»....................67
«Кире берип күндө түшүмө...»....................68
«Көптөн бери жүргөн жазалбай...»....................69
«Кышкы түндө кардуу аяз кеч эле...»....................70
Акро ыр....................71
«Таралып жанга жагым нур ыргагы...»....................72
«Мен торгоймун...»....................73
«Үй жанында өскөн гүлдөр бир назик...!....................74
«Арзуудай ыйык ...»....................75
«Айдыңда гүл буралган кызыл-тазыл»....................76
«Көңүлүм бир бөксөрөт ...»....................77
«Бал татып тамшандырган шаттык ырбы»....................78
«Жүзүм деген атың калды жүрөктө...»....................79
«Минип келем сага ак боз аргымак...»....................80
«Сагынган күктөрдүн үнүн улап...»....................81
«Саади, Хафиз, Омор Хаям, Барпылар...»....................82
«Жолуктук кайра отуз жыл өтүп арадан...»....................83
«Күкүктүн угуп мукамдуу үнүн алыстан...»....................84

«Чачтарың түшкө кирет ...»........................................85
«Сезимдердин жоолугу булактаган...»..............................86
Акын – булбул....................................................87
«Он төрттө жашым...».............................................92
«Уйкусун бузуп беймаал кечтин жүгармак...».......................93
«Ийменип жылдыз көктөн...».......................................94
«Айыкпас сезим отундай...».......................................95
«Кырктын кырын ашып калган кезимде...»...........................96
«Шибер кечип...».................................................97
«Булуттардай алыскы дүйнө кезген...».............................98
«Куштары кусалыктын көкүрөккө...»................................98
Бир карашын өлтүрөт да тирилтет!.................................99
«Мен мусапыр...».................................................99
«Көптөн бери эргүү келбей калды да...»..........................100
Кош илабиң кызыл гүлбү?!........................................100
Жылдыз сүйүү....................................................101
«Сен экөөбүз көрүшпөдүк көп болду...»...........................102
Жүрөгүмдү жарып өткөн тиликтер..................................103
Котормолор......................................................104
Айылга таң ата элек кезинде.....................................105
Кышка кирүү.....................................................106

---

Көркөм-адабий басылма

**Жакыпов Атакул**

**АЙ ЧАПЧЫП АККАН ДАЙРА**
(ырлар жана котормолор)

Редактору *С. Дуулатова*
Корректору *Б. Тимуров*
Компьютердик калыпка салган *Данияр Тимур*

Терүүгө 01.09.2013-ж. берилди.
Басууга 18.10.2013-ж. кол коюлду.
Форматы 60 x 84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 7,0 физ. басма табак.
Заказ № 70. Нускасы 300 даана.

«Билим-компьютер» басмаканасында даярдалды.
Бишкек ш., «Чыгыш-5» кичи району, 14/2.